**ИА «Кабар»**

# АКШ долларынын сомго карата курсу валюталык рыноктогу суроо-талапка жана сунушка жараша аныкталат

Бишкек, 2-июль /Дайырбек Мейманов-Кабар/. Кыргызстанда өзгөрүлмөлүү алмашуу режими колдонулат. Башкача айтканда, АКШ долларынын сомго карата курсу валюталык рыноктогу суроо-талапка жана сунушка жараша аныкталат. Ошондуктан, кандайдыр бир учурда АКШ долларынын курсунун өсүшүн же төмөндөшүн байкоого болот. Бул тууралуу “Кабар” агенттигине КР Улуттук Банкынын Акча-кредиттик операциялар башкармалыгынын Дилингдик операциялар бөлүмүнүн башчысы Бакыт Карбозов билдирди.

Анын айтымында, учурдагы АКШ доллардын кыргыз сомуна карата өсүшүн тышкы (Украинадагы жагдай жана ошого карата Орусияга каршы санкциялардын улантылышы, АКШ ФРС эсептик ченинин көтөрүлүш мүмкүнчүлүгү) жана ички таасирлер менен түшүндүрүүгө болот. Ички таасирлер бул ички валюта рыногунда АКШ долларга болгон суроо-талаптын көбөйүшү. Суроо-талап негизинен импорттук товарлардын төлөмдөрүнөн келип чыгат. Алардын арасындагы негизги товарлар күйүүчү май заттары, медициналык жабдуулар жана препараттар, калк керектөөчү товарлар, металл жана башка товарлар. Улуттук банк алмашуу курсу боюнча алдын ала болжолдоо жасабайт, анткени алмашуу курсу рынок механизмдер аркылуу суроо-талап жана сунуштун негизинде аныкталат.

“Улуттук банк өзгөрүлмөлүү алмашуу курс саясатын жүргүзгөндүктөн, валюталык рыноктогу түзүлгөн кырдаалга жараша улуттук валютанын кескин серпилүүсүн жөнгө салуу максатында валюталык интервенцияларды өткөрүшү мүмкүн. Мисалы, алмашуу курсу кескин төмөндөп бараткан учурда Улуттук банк тарабынан чет-өлкө валютасын сатып алуу боюнча ваклюталык интервенциясы өткөрүлөт, ал эми алмашуу курсу өтө жогорулап баратса, чет-өлкө валютасын сатуу боюнча операцияны жүргүзөт. Ошентип, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында Улуттук банк, 2015-жылдын башынан 30-июнуна чейинки аралыкта АКШ долларын сатуу жана сатып алуу боюнча валюталык интервенцияларын жүргүзгөн. Жыйынтыгында, доллардын таза сатуусу 138,3 млн АКШ долларды түзгөн”-деп кошумчалады Б. Карбозов.

Эскерте кетсек, “1-июлда саат 9:10до Бишкектин акча алмаштыруучу жайларында доллар баасы 61,90 сомду (сатып алуу) жана 62,10 сомду (сатууну) түздү. 2014-жылы 1-июлда Бишкектин акча алмаштыруучу жайларында доллардын баасы 51,70 сомду (сатып алуу) жана 51,95 сомду (сатууну) түзгөн. Доллар бир жылда 10,15 сомго кымбаттады” деген маалымат ЖМКларга жарыяланган.